3. Мендибаева Н.М. (2024) БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ ИНТЕГРАЦИЯЛАНГАН САБАКТАР ОКУУЧУЛАРДЫ АР ТАРАПТУУ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ЖАНА ТААНЫП БИЛҮҮ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН АКТИВДЕШТИРҮҮНҮН ЖОЛУ КАТАРЫ https://ilim.oshmpu.kg/
4. Мугалим илимий-педагогикалык журналы 2024 (48-49) Апрель-сентябрь
5. Токтом. 2024-жыл 30-октябрь, № 654 Кыргыз Республикасында оп эки жылдык мектептик билим берүүгө өтүү концепциясын бекитүү жөнүндө. https://edu.gov.kg/static/pdf/postanovlenie_654_30.10.2024.pdf
6. Токтоматов А., 12 жылдык билим берүү менен «Алтын казык» программасынын зарылдыгы канчалык. Мугалим илимий-педагогикалык журналы 2024 (48-49) Апрель-сентябрь
7. https://edu.gov.kg/posts/4466/

**УДК: 373.2.015.3:81’271** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i2.434**

## БАЛДАРДЫН МАЙДА МОТОРИКАСЫ — СҮЙЛӨӨ РЕЧИНИН ӨНҮГҮҮСҮНҮН КАРАЖАТЫ КАТАРЫ (М. МОНТЕССОРИНИН СИСТЕМАСЫНДА)

**Мурзаканова Гулшайыр Арыкова**
**ОшМПУ улук окутуучу**
**ORCID: 0009-0006-0448-7858**
**Gulshaiyr.82.kg@gmail.com**

## МЕЛКАЯ МОТОРИКА ДЕТЕЙ — КАК СРЕДСТВО РАЗВИТИЯ РЕЧИ (В СИСТЕМЕ М. МОНТЕССОРИ)

**Мурзаканова Гулшайыр Арыкова,**
**старший преподаватель Ош ГПУ**
**ORCID: 0009-0006-0448-7858**

## CHILDREN’S FINE MOTOR SKILLS AS A MEANS OF SPEECH DEVELOPMENT (IN THE MONTESSORI SYSTEM)

**Murzakanova Gulshayir Arykova,**
**Senior Lecturer at Osh State Pedagogical University**
**ORCID: 0009-0006-0448-7858**

### Аннотация

Бул макалада баланын майда моторикасынын өнүгүүсү менен сүйлөө речисинин калыптанышынын ортосундагы өз ара байланыш терең иликтенип, М.Монтессоринин педагогикалык системасынын негизинде талдоого алынат. Изилдөөнүн жүрүшүндө баланын кол кыймылдары, манжа булчуңдарынын активдүүлүгү жана сенсордук тажрыйбалары анын мээнин иштешине, айрыкча сүйлөө борборлорунун өнүгүүсүнө түздөн-түз таасир этери белгиленет. Анткени учурда ар кандай гаджеттерди пайдалануудан улам, балдардын сүйлөө речи кечендеген учурлар көп кездешип жататкандыгы негизги маселени туюндурат. Монтессори методикасы баланын табигый өнүгүү муктаждыктарына жана ички потенциалына ылайык түзүлгөндүктөн, анда кол менен аракеттенүү — үйрөнүүнүн, сүйлөөнүн жана акыл-эс өнүгүүнүн негизги каражаты катары каралат. Макалада майда моториканы өнүктүрүү үчүн колдонулган көнүгүүлөрдүн, оюндардын жана атайын Монтессори материалдарынын сүйлөө речисин стимулдаштыруудагы ролу мисалдар менен көрсөтүлгөн. Ошондой эле кыргыз педагогикасында бул методиканы адаптациялоо жолдору, ата-энелер менен мугалимдердин кызматташтыгынын мааниси белгиленет. Жыйынтыгында, майда моториканы системалуу

өнүктүрүү баланын тилдик, интеллектуалдык жана социалдык компетенцияларын калыптандыруунун негизги шарты экени далилденет.
**Ачкыч сөздөр:** майда моторика, сүйлөө речи, Монтессори методикасы, бала өнүгүүсү, сенсордук көндүмдөр, педагогикалык система.

Аннотация

В данной статье подробно рассматривается взаимосвязь между развитием мелкой моторики и формированием речи ребёнка на основе педагогической системы М. Монтессори. В процессе исследования установлено, что активность пальцев, мелкие движения рук и сенсорный опыт ребёнка напрямую влияют на работу мозга, особенно на развитие речевых центров. В настоящее время из-за частого использования различных гаджетов всё чаще наблюдаются случаи задержки речевого развития у детей, что представляет собой серьёзную проблему. Методика Монтессори основана на естественных потребностях и внутренних возможностях ребёнка, поэтому деятельность руками рассматривается как основной инструмент обучения, познания и речевого развития. В статье приведены примеры упражнений и игр, а также использование специальных материалов Монтессори (рамки, пуговицы, бусины, фасоль, песок и др.), которые способствуют стимулированию речи и формированию интеллектуальных способностей ребёнка. Особое внимание уделено вопросам адаптации методики Монтессори в кыргызской педагогической практике и взаимодействию родителей и педагогов. В заключение подчёркивается, что систематическое развитие мелкой моторики является важнейшим условием формирования языковых, интеллектуальных и социальных компетенций ребёнка.
**Ключевые слова:** мелкая моторика, речь, методика Монтессори, развитие ребёнка, сенсорные навыки, педагогическая система.

Abstract

This article explores in detail the interrelation between the development of fine motor skills and the formation of speech in children, based on Maria Montessori’s pedagogical system. The study demonstrates that finger movements, hand coordination, and sensory experiences directly influence brain activity, particularly the development of speech centers. Nowadays, due to the frequent use of various gadgets, cases of delayed speech development among children are becoming increasingly common, which highlights a major issue.The Montessori method, built on the child’s natural needs and inner potential, considers hands-on activity as a fundamental means of learning, thinking, and language acquisition. The article provides examples of Montessori exercises and materials—such as frames, buttons, beads, grains, and sand—which effectively stimulate speech and enhance intellectual development. Special attention is given to the adaptation of Montessori principles in Kyrgyz early childhood education and the importance of cooperation between parents and teachers. In conclusion, systematic development of fine motor skills is identified as a key factor for forming a child’s linguistic, intellectual, and social competencies.
**Keywords:** fine motor skills, speech development, Montessori method, child development, sensory skills, pedagogical system.

## Киришүү

Бүгүнкү күндө мектепке чейинки билим берүүдө жана башталгыч курактагы балдардын өнүгүүсүндө майда моторика менен сүйлөө речинин өз ара байланышы өзгөчө мааниге ээ болуп жатат. Ар бир бала өз жашоосунун алгачкы баскычында дүйнөнү сезимдер аркылуу кабыл алып, аны колу менен изилдеп үйрөнөт. Ушул жөнөкөй көрүнүш баланын интеллектуалдык, психикалык жана тилдик өнүгүүсүнүн негизи болуп саналат. Улуу италиялык педагог Мария Монтессори «Бала дүйнөнү колу аркылуу таанийт» деп айткан, бул сөз азыркы учурда да өзүнүн актуалдуулугун жоготкон жок [1]. Бала ар бир кыймылды, ар бир тийүүнү өзүнүн ички дүйнөсүнүн байлыгы аркылуу кабыл алат, ал эми колунун кыймылдары аркылуу айлана-чөйрөнү таанып, сүйлөөгө даярдык процессин баштайт.

Монтессори методикасы — бул баланын табигый муктаждыктарына, кызыгууларына жана мүмкүнчүлүктөрүнө негизделген өнүгүү системасы. Бул методиканын автору — италиялык дарыгер-педиатр жана педагог Мария Монтессори. Ал системанын негизин өзүнүн

иш тажрыйбасында жолуккан кичинекей балдардын өнүгүүсүн байкоого таянып түзгөн. Башында бул методика ар кандай өнүгүү өзгөчөлүктөрү бар балдар менен иштөөдө колдонулган. Монтессори ар бир бала менен өзүнчө иштеп, анын жаңы көндүмдөрдү өздөштүрүү ылдамдыгына жана жаш өзгөчөлүгүнө ылайык көнүгүүлөрдү иштеп чыккан. Бул ыкманын “өзгөчө” балдарды окутууда ийгиликтүү натыйжасын көргөн соң, ал аны бардык жаш балдарды окутууга ылайыкташтырып, жалпы билим берүү процессинде колдонууну сунуштаган. [9]

Майда моторика — бул баланын манжаларынын, билегинин, колунун майда булчуңдарынын иш-аракеттерин координациялоо жөндөмү. Ал жөнөкөй кыймылдарды гана эмес, психикалык функциялардын активдүүлүгүн да камсыз кылат. Илимий изилдөөлөр көрсөткөндөй, баланын кол кыймылдары мээнин ошол эле аймактарын активдештирет, алар сүйлөө процессине жооп берет. [2] Демек, майда моториканын өнүгүүсү менен сүйлөө речинин өнүгүүсүнүн ортосунда тыгыз байланыш бар. Эгер бала манжаларын жакшы башкара албаса, анын сүйлөө органдарынын координациясы да жетишсиз болот. Мээнин кыймыл жана сүйлөө борборлору бири-бири менен нейрондук байланыш аркылуу иштейт, ошондуктан ар бир мотордук көнүгүү сүйлөөнүн активдүүлүгүнө түз таасир этет.

Мария Монтессоринин сөз байлыгында негизги сөз – бул “эркиндик”. Ал өзүнүн бүткүл жашоосунун максатын эркин, көз карандысыз, өз алдынча ой жүгүрткөн, чечим кабыл алууга жана алар үчүн жоопкерчиликтүү адамдарды тарбиялоо деп эсептеген. [ 10] Монтессоринин методикасы дал ушул биологиялык жана психологиялык мыйзамченемдүүлүктүн негизинде түзүлгөн. Ал балага эркин аракеттенүү мүмкүнчүлүгүн берип, ар бир кыймылын, ар бир аракетин өз алдынча жасоого үйрөтөт. Монтессори системасынын негизги принциби — «мага жардам бер, мен муну өзүм жасайын» деген сөз менен айкындалат. Бул принцип боюнча балага ишеним берүү, анын колу менен изилдөө жөндөмүн өнүктүрүү — сүйлөөнүн да, ой жүгүртүүнүн да негизи болуп саналат.

Бала төрөлгөндөн тартып айлана-чөйрөнү манжа тийүү, тиштөө, кармоо аркылуу таанып баштайт. Бир жаштан үч жашка чейинки мезгил — бул майда моториканын активдүү өнүгүү этабы. Бул куракта бала ар кандай оюндарга, буюмдарды кармоого, манжалары менен аракет кылууга кызыгат. Эгер педагог же ата-эне ушул кызыгууну туура багытта колдоп, аны өнүктүрө алса, баланын сүйлөө речи да табигый түрдө активдешет.

Монтессори системасында майда моториканы өнүктүрүү атайын материалдардын жардамы менен жүргүзүлөт. Аларга түймө тактайлары, боо байлоо рамалары, суу куюу идиштери, буурчак, кум, жип, мончок жана башка сенсордук материалдар кирет. Бул материалдар баланын манжаларынын кыймылын так, ырааттуу жана көз караш менен айкалыштырып үйрөтөт. Мисалы, бала боо байлап жатканда, анын манжалары, билеги жана көзү бир убакта иштейт, бул болсо сүйлөө үчүн зарыл болгон мээнин фронталдык аймагын активдештирет.

Көптөгөн педагогдор жана психологдор майда моторика менен сүйлөө ортосундагы байланыш боюнча илимий далилдерди келтиришкен. Мисалы, орус психологу А.Р. Лурия баланын манжа кыймылдары менен сүйлөө функциясынын мээнин бир эле зонасында — фронталдык бөлүктө ишке ашарын белгилеген [4, с.214]. Ал эми Л.С. Выготский сүйлөө өнүгүүсүн баланын иш-аракети менен байланышта карап, «бала колу менен иштөө аркылуу ой жүгүртүүнү жана сүйлөөнү үйрөнөт» деп айткан [2]. Ошондой эле швейцариялык педагог Ж. Пиаже да мотордук аракеттерди интеллекттин алгачкы формасы катары караган. Демек, майда моторика — бул жөн гана кыймыл эмес, бул баланын акыл-эс жана сүйлөө жөндөмүн өнүктүрүүчү негизги инструмент.[7]

Монтессори системасынын эң баалуу жагы — ал баланын табигый активдүүлүгүн колдойт. Ар бир бала өз темпинде өнүгөт, педагог анын аракетине көз салып, туура материалды сунуштайт. Мисалы, бала манжалары менен буурчакты сорттоп жатканда, ал өзүнүн кыймылдарын координациялоону, көңүлүн топтоону жана чыдамдуулукту үйрөнөт. Бул көнүгүү ошол эле учурда сүйлөө речисине да таасир берет, анткени ар бир ийкемдүү кыймыл мээнин сүйлөө борборун стимулдаштырат. Мындай көнүгүүлөрдү көп кайталоо

аркылуу бала сүйлөөгө даярдык деңгээлинде болот. Бул туурасында педагог Турнакан Кадырова макаласында “Мектепке чейинки курактагы балдарды ар тараптан: акыл-эс, таанып-билүүсүн өнүктүрүү, сүйлөө кебин өстүрүү, эстеп калуусун жакшыртуу абдан маанилүү. Анткени бул куракта пайдубал түптөлүп, кабыл алуусу бат болот”-жеп белгилеген. [11, с.49-55]

Кыргыз педагогикалык практикасында да Монтессоринин принциптерин колдонуу кеңири тарап жатат. Айрыкча, мектепке чейинки билим берүү уюмдарында “сенсордук бурчтар” түзүлүп, анда балдар ар кандай формадагы, текстурадагы жана түсү ар башка материалдар менен иштешет. Мисалы, “кум үстүнө тамга тартуу”, “жипке мончок тизүү”, “түймө тагуу”, “кичинекей идиштерге суу куюу” сыяктуу көнүгүүлөр баланын кол булчуңдарын активдештирет жана сүйлөө органдарынын кыймылына даярдык түзөт.

Майда моториканы өнүктүрүүдө ата-эненин ролу да абдан чоң. Үй шартында бала менен чогуу бышкан камырдан фигуралар жасоо, жипке мончок тизүү, сүрөт тартуу, кагаз кесүү сыяктуу аракеттерди уюштуруу пайдалуу. Ар бир манжа кыймылы баланын мээси менен сүйлөө борборунун ортосундагы байланыштарды чыңдайт. Мисалы, манжа оюндарын аткарууда (“Бул бармак — чоң атам, бул бармак — чоң энем…” ж.б.) бала кыймылдарды сөз менен айкалыштырып, сүйлөө рефлексин калыптандырат.

Монтессори педагогикасында «сүйлөө — бул натыйжа, кыймыл — анын каражаты» деген түшүнүк бар. Башкача айтканда, эгер бала эркин кыймылдаса, ал сөзсүз эркин сүйлөй баштайт. Демек, педагогдор баланын колун “эркин” кылуу аркылуу анын тилин да “эркин” кыла алышат. Чынара Термечикова Бишкек шаарындагы “Семь и Я” Монтессори бала бакчасында иштейт. Белгилүү педагог Мария Монтессори педагогикасы боюнча кичинекей бөбөктөр менен иш алып баруу өтө кызыктуу экендигин белгилеген ал, тилекке каршы, көпчүлүк ата-энелер балдарды эркин койбой, алардын дүйнө таанымын мокотуп жатышкандыгын аңдап-биле беришпесин айтат. [11]

Ошондуктан, тарбиячынын милдети — ар бир иш-аракетти баланын өз темпинде аткаруусуна мүмкүнчүлүк түзүү. Монтессори класстарында балдар өздөрү каалаган материалды тандап, өз алдынча иштешет. Педагог аларды багыттап, колдоого гана алат. Бул процесс баланын өз алдынчалыгын, жоопкерчилигин, көңүлүн жана тилдик активдүүлүгүн арттырат [1;4].

Майда моториканын өнүгүүсү баланын сүйлөө речисинен тышкары дагы бир катар функцияларды жакшыртат: эс тутумду, көңүл топтоону, анализ жана синтез жөндөмүн, логикалык ой жүгүртүүнү, математикалык түшүнүктөрдү кабылдоону. Демек, бул жөндөм — жалпы интеллектуалдык өнүгүүнүн негизи болуп саналат. Психологдор белгилегендей, сүйлөө борборлорунун активдешүүсү манжа кыймылдарынын тактыгына жараша болот. Ошондуктан, балага эрте жаштан баштап кол менен иштөөгө шарт түзүү — анын кийинки окуу жана социалдык ийгилигине негиз болуп берет [3;6].

Мисалы, 3–4 жаштагы балдарга ылайык Монтессори көнүгүүлөрүнө төмөнкүлөр кирет: түймө тагуу, боо байлоо, суу куюу, идиш жуу, кичинекей буюмдарды сорттоо, кум жана буурчак менен иштөө. Бул көнүгүүлөрдүн баары өзүнчө “сүйлөө сабактарынын” милдетин аткарат, анткени бала бул процесстерди аткарып жатып, сөз менен коштойт: “тагадым”, “кийин койдум”, “суу төгүлдү”, “кургатып жатам” ж.б. Ошол эле учурда бала өзүнүн аракеттерин түшүндүрүү аркылуу сүйлөө речисин активдештирет.

Монтессори методикасынын натыйжалуулугу дүйнө жүзү боюнча далилденген. Ал педагогиканын классикалык ыкмаларына салыштырмалуу баланын ички мотивациясын, өз алдынчалыгын, өзүнө болгон ишенимин жогорулатат. Мындай ыкмада баланын тили табигый түрдө, кысымсыз өнүгөт. Эң негизгиси — бала өзүнүн “ички муктаждыгы” аркылуу үйрөнөт, бул болсо узак мөөнөттүү билимдин негизи болуп саналат.

### Үй-бүлөдө баланын майда моторикасын жана сүйлөө речисин өнүктүрүү боюнча сунуштар

1. **Баланын өз алдынчалыгын колдоо.** Баланын өз колу менен аракет кылуусуна, кийимин кийүүгө, тамак ичүүгө, оюнчуктарын жыйноого мүмкүнчүлүк бериңиз. Ар бир “өзүм жасайм” деген аракет

майда моториканы активдештирип, сүйлөөгө психологиялык даярдык жаратат. Монтессори айткандай: *«Ар бир жардам — бул өнүгүүгө тоскоолдук».*

2. **Күнүмдүк турмуштагы жөнөкөй иштерди биргеликте жасоо.** Бала менен камыр жууруп, нан жаап, сабиз туурап, суу куюп, гүлгө суу берүү сыяктуу иштерди уюштуруңуз. Бул иш-аракеттер манжа булчуңдарын чыңдап, балага сүйлөө процессинде ырааттуулукту жана ишенимди берет.
3. **Манжа оюндарын жана ырларды колдонуу.** Ар бир манжа кыймылына ылайык ырларды жана санакчаларды колдонуу пайдалуу (“Бул бармак чоң атам...”, “Бирди айтсам, бир алма” ж.б.). Бул оюндор сөз менен кыймылды айкалыштырып, сүйлөө аппаратынын координациясын өнүктүрөт.
4. **Сенсордук материалдарды колдонуу.** Үй шартында ар түрдүү текстурадагы буюмдарды (кум, буурчак, күрүч, жип, түймө, мончок, губка ж.б.) колдонуу — бул манжалардын сезүү жөндөмүн жакшыртат. Бала кум менен ойносо, буурчак сорттосо — бул мээнин тилдик борборлорун активдештирет.
5. **Сүйлөө чөйрөсүн байытуу.** Баланын айланасында ар дайым туура жана бай тилдик чөйрө болсун. Ата-эне баланын аракеттерин сөз менен коштоп сүйлөсүн: “Сен суу куюп жатасың”, “Бул кичинекей кашык”, “Кара, кызыл топ” ж.б. Мындай диалогдор сүйлөөнү табигый өнүктүрөт.
6. **Көркөм чыгармаларды жана сүрөттөрдү талдоо.** Балдар үчүн сүрөт китептерин, жомокторду жана ырларды чогуу окуңуз. Ар бир сүрөттү талдап, суроолор бериңиз: “Бул ким?”, “Ал эмне кылып жатат?”, “Кайсы түс?”. Бул көнүгүү сөз байлыгын кеңейтет жана логикалык сүйлөөнү стимулдаштырат.
7. **Электрондук түзүлүштөрдү чектөө.** Балага узак убакыт экран карап отурууга жол бербеңиз. Телефон, планшет жана телевизор майда моторикага жана жандуу сүйлөөгө тоскоол болот. Анын ордуна жандуу оюндар, кыймыл-аракет жана чыныгы тажрыйба артыкчылыктуу.
8. **Баланын аракетине баа берүү эмес, кубаттоо.** Ар бир аракетине “сен жакшы иштедиң”, “жарадың”, “аракет кылдың” деп айтуу баланын ички мотивациясын күчөтөт. Баа берүү эмес, процессти колдоо — Монтессори методикасынын өзөгү.
9. **Үй шартында атайын “чыгармачылык бурч” түзүү.** Бул бурчта бала сүрөт тартсын, кесип-жапсын, түстүү кагаз, карандаш, жип, картон менен иштесин. Бул аянт анын колун, элестетүүсүн жана тилдик активдүүлүгүн өнүктүрөт.
10. **Ата-эне менен мугалимдин кызматташтыгы.** Үй-бүлө менен бала бакчанын, мектептин ортосундагы үзгүлтүксүз байланыш абдан маанилүү. Педагог ата-энеге сунуш берип, бала бакчадагы көнүгүүлөр үйдө да улантылышы керек.
11. **Гаджеттерди колдонуу убактысын чектөө** Кичинекей балдар үчүн экран алдында өткөрүү убактысы 30 мүнөттөн ашпашы керек. Телефон, планшет, телевизор көрүү убактысын күндүн белгилүү сааттарына гана чектөө (мисалы, 18:00–18:30).

## Жыйынтыктоо

Баланын майда моторикасы менен сүйлөө речисинин ортосундагы байланыш азыркы педагогикалык жана психологиялык изилдөөлөрдө өзгөчө мааниге ээ багыттардын бири болуп саналат. Ар бир майда кыймыл, ар бир манжанын аракетинин артында мээнин ишмердүүлүгү, ой жүгүртүү жана сүйлөө жөндөмүнүн өнүгүү процесси жатат. Демек, кол менен иштөө жөндөмү — бул жөн гана кыймыл эмес, бул баланын акыл-эсинин, элестетүүсүнүн жана тилинин калыптанышынын негизи.

М.Монтессоринин педагогикалык системасы бул байланыштын маанисин терең ачып берген. Анын методикасында баланын табигый муктаждыктарына жана ички потенциалына ылайык уюштурулган иш-аракеттер аркылуу сүйлөөнүн жана майда моториканын синхрондуу

өнүгүүсүнө шарт түзүлөт. Кол менен жасалган ар бир аракет — сүйлөөгө, ойлонууга жана өз оюн түшүндүрүүгө багытталган кадам болуп саналат.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, бала манжалары аркылуу дүйнөнү сезип үйрөнгөндө, анын мээси активдүү иштеп, тилдик борборлор менен кыймыл борборлору биргелешип өнүгөт. Ошондуктан, майда моториканы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү (боо байлоо, түймө тагуу, кум менен иштөө, сүрөт тартуу ж.б.) күнүмдүк окутуу жана тарбия процессине киргизүү — бул сүйлөөнү өнүктүрүүнүн эң натыйжалуу жолу болуп саналат.

Мындан тышкары, үй-бүлөдө жана бала бакчада баланын ар бир аракетин колдоо, ага ишеним берүү жана өз алдынча аракеттенүүсүнө шарт түзүү маанилүү. Үй шартындагы сенсордук жана оюндук көнүгүүлөр ата-эне менен бала ортосундагы эмоционалдык байланышты бекемдеп, тилдик активдүүлүктү күчөтөт.

Жыйынтыктап айтканда, майда моторика баланын сүйлөө речисинин өнүгүүсүнүн гана каражаты эмес, анын инсандык, интеллектуалдык жана социалдык калыптанышынын негизи болуп саналат. М.Монтессоринин системасында сунушталган принциптерди билим берүү жана үй-бүлөлүк тарбия процессине интеграциялоо — бүгүнкү күндүн балдарын чыгармачыл, ишенимдүү жана өз оюн эркин билдире алган инсан катары тарбиялоонун эң эффективдүү жолу болуп саналат.

**Колдонулган адабияттар**

1. Абдрасулова, Г. Мектепке чейинки педагогика. — Бишкек: Кыргызстан, 2019. — 180 б.
2. Выготский, Л. С. Мышление и речь. — М.: Педагогика, 1984. — 320 с.
3. Закиров, А. Этнопсихологиялык көз караштан бала өнүгүүсү. — Ош, 2015. — 132 б.
4. Лурия, А. Р. Речь и мышление ребенка. — М.: Просвещение, 1970. — 214 с.
5. Монтессори, М. Помоги мне это сделать самому. — М.: Академкнига, 2012. — 256 с.
6. Осмоналиева, Т. Бала психологиясы жана өнүгүүсү. — Ош: Жаңы китеп, 2020. — 164 б.
7. Пиаже, Ж. Психология интеллекта. — М.: Академия, 2003. — 210 с.
8. https://chudo-chado.kg/methods/the-method-montessori/
9. https://interneturok.ru/blog/voprosy_psihologii/metodika-razvitiya-montessori
10. https://ky.healthy-food-near-me.com/methods-of-early-development-of-maria-montessori-from-6-months-to-6-years-v-dmitrieva/#Lets-get-acquainted-Maria-Montessori
11. Кадырова, Т. (2025). ЦЕЛИ И ЗАДАЧИ ПОДГОТОВКЕ ДОШКОЛЬНИКОВ К ОБУЧЕНИЮ В ШКОЛЕ. Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А.Мырсабекова, 1(1(25), 49–55. https://doi.org/10.56122/.v1i1(25).272
12. Айнагүл Кашыбаева, “Кутбилим” 13.05.2016.
13. 3төн 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү «Балалык» программасы. – Б.: Аркус бас., 2017. – 352 б.

УДК:373.3 37.43

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН КӨРКӨМ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮДӨ МУЛЬТИМЕДИАЛЫК КАРАЖАТТАРЫН КОЛДОНУУ

Мурзакулова Чолпон Алимжановна улук окутуучу
магистрант Кудайкулова Акниет Капарбековна.
Ош мамлекеттик педагогикалык университети.
Ош шаары Кыргыз Республикасы
E-mail. colponmurzakulova876@ gmail.com

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ МУЛЬТИМЕДИЙНЫХ СРЕДСТВ В РАЗВИТИИ ХУДОЖЕСТВЕННО-ТВОРЧЕСКИХ СПОСОБНОСТЕЙ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ